**Жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты.**
**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому**
**Бишкек ш. 21-июль 2014-жыл № 403**

**Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүүнүн**
# МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ
## 1 глава. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты (мындан ары-Мамлекеттик стандарт) төмөнкүлөрдү белгилейт:

1) жалпы орто билим берүүнүн коомдук макулдашылган артыкчылыктары;

2) жалпы орто билим берүүнүн максаттары жана милдеттери;

3) негизги компетенттүүлүктөрдүн тизмеси жана аларга жетишүү деңгээли;

4)билим берүү системасынын, мектептин, класстын жана өзүнчө окуучунун деңгээлинде билим берүүнүн натыйжаларын баалоонун негизги принциптери;

5) мектептик билим берүүдөгү уюштуруучулук жана усулдук (технологиялык) өзгөртүүлөр.

2. Мамлекеттик стандарт төмөнкүлөрдү камсыз кылат:

1) мектептик билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде бардык билим берүүчү тармактарда билдирилген максаттарды ишке ашырууну;

2) окуу жүгүн оптималдаштыруу үчүн билим берүүчү тармактарда сабактарды интеграциялоо үчүн усулдук негиздерди.

3. Мамлекеттик стандарт билим берүү системасын компетенттүү негизде түзүүнү жана мектептик билим берүүнү коомдун социалдык заказы менен макулдашууну камсыз кылуучу документтерди (же куррикулумдарды) регламенттөө системасы аркылуу жүзөгө ашырылат, алар:

1) предметтик стандарттар;

2) окуу пландары;

3) окуу-усулдук комплекстер.

4. Мамлекеттик стандарт предметтик стандарттарды, окуу пландарын жана негизги жалпы билим берүүчү программаларды иштеп чыгуу үчүн негиз болуп саналат.

5. Окуу планы 7 билим берүүчү тармактардын турат, алардын ар бири өзүнө белгилүү бир предметтерди, анын ичинде интегрирленген предметтерди камтыйт. Билим берүүчү тармактар коом жана ар бир адам үчүн актуалдуу баалуулуктагы аныктамалардын Мамлекеттик стандартта аныкталган негизги компетенттүүлүктөрдү эске алуу менен Кыргыз Республикасынын билим берүү системасы үчүн негизги чакырыктардан алганда түзүлөт (ушул Мамлекеттик стандартка тиркеме) .

6. Мамлекеттик стандарт белгилүү-бир билим берүү натыйжаларына жетишүү үчүн билим берүү процессинин ар бир катышуучусунун – билим берүү башкаруу органдарынын өкүлдөрүнүн, мектептин администрациясынын жана мугалимдеринин, окуучулардын өздөрүнүн, ошондой эле жарандык коомдун өкүлдөрүнүн жоопкерчилик чөйрөсүн өзгөртүүнү бекемдейт.

Бул үчүн билим берүү башкаруу органдары билим берүү жагында саясатты иштеп чыгууда бизнес-коомчулуктун, коомдук жана өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрүнүн, ата-энелердин жана окуп жаткандардын өздөрүнүн стратегиялык, программалык документтерин жана ченемдик укуктук актыларын иштеп чыгууга тартышат.

7. Мамлекеттик стандарт мектепке чейинки билим берүүдөн тартып жогорку билим берүүгө чейинки Кыргыз Республикасынын билим берүү системасын түзүүнүн бирдиктүү методологиясын камсыз кылган компетенттүү-багыттуу стандарттар системасынын бөлүгү болуп саналат.

Сканировано с CamScanner